№5–6 (5798)
27-февраль, 2016-жыл

АЙЫЛ АКЫЙКАТЫ

Коомдук-саясий гезит

Гезит 1938-жылы 7-ноябрда негизделген

ТАМЧЫЛАТЫП СУГАРУУНУ УЮШТУРУУ - ЭМГЕГИҢИЗДИН АКЫБЕТИН КАЙТАРАТ

Европа Биримдигинин каржылоосу менен Австрия өлкөсүнүн «Eko Hima» Бишкектеги «Агенты Перемен» коомдук бирикмеси менен биргеликте жергиликтүү «Бюджеттик процесстерди стратегиялоо» коомдук бирикмеси аткарып жаткан долбоордун башкы максаты - айыл тургундарын иш менен камсыз кылууну жогорулатуу үчүн кирешелерди алуунун инновациялык куралдарын комплекстүү пайдалануу. Бул багытта тамчылатып сугаруунун дыйканчылыкта кеңири пайдаланылышы зор мааниге ээ. Биздин аймакта өсүмдүктүн өсүү мезгилинде абанын температурасынын кескин жогорулашы, сугат суунун азайышы менен коштолот. Суу агымынын азайышы жана арык каналдарда суунун жоголушунун жогорулоосу дыйкандардын күткөн түшүмүн алуусуна тоскоол болуп келет. Сугаруу системасы агызма жөөктөр менен жүргүзүлгөндүктөн суунун көп бөлүгү жөөктөрдө агынды пераб болуп бөөдө жоготууга учурайт. Ошондуктан сугаруунун жаңы ыкмасы тамчылатып сугарууга өтүү менен суунун коромжу болушун азайтып, өсүмдүктүн бирдей нымдуулук менен камсыз болушуна жетишүү зарыл маселе болуп жатат. Тамчылатып сугаруу менен сугат сууну 6 - 7 эсеге үнөмдүү пайдаланылат, суунун коромжу болушу кескин кыскарат. Өсүмдүк бирдей нымдуулук менен камсыздалат. Натыйжада айыл чарба өсүмдүгүнүн вегетациялык өсүүсү жакшырып, түшүмдүүлүгү кескин жогорулайт, өстүрүүгө кеткен чыгым кыскарат. Түшүм эрте жетилип азык түлүктөрдүн сапаты жогору болот.

Тамчылатып сугаруу аркылуу жер семирткичтерди кошо берүү менен жер семирткичтин натыйжалуу пайдаланылышына жетишилет. Жер семирткич аз сарпталат, жөөктөрдө суу менен агып коромжу болбойт. Керек мезгилде даректүү жана өз убагында берилет.



Тамчылатып сугаруу аркылуу органикалык кампосторду, биогумустарды жана отоо чөптөрдү жок кылуучу кошулмаларды берсе болот. Дыйкандын иши ыңгайлуу жүргүзүлүп автоматташтырылат. Түтүкчөлөр менен сугарууда ыңгайсыз арык жөөк менен суу жетпей калган ойдуң жерлерге суу оңой эле жеткизилгендиктен жаңы өздөштүрмө жерлер көбөйтүлөт. Эл иш менен камсыздалып кошумча киреше алууга мүмкүнчүлүк түзүлөт.

Ошондуктан аталган долбоор алкагында тамчылатып сугаруу ыкманы таратуу боюнча Ак – Коргон, 1 - Май айыл аймактарында көргөзмө аянттар уюштурулат жана Ала - Бука айылында тамчылатып сугарууга керектүү ар түрдүү көлөмдөгү суу түтүктөрү жана кошумча шаймандарды жасап чыгаруучу цехтин курулушу каралган.

Белгилей кетүүчү нерсе суу түтүктөрү иштетилип ташталган бөтөлкөлөр (бакалашка) полиэтилен чыгындылардан жасалат. Учурдагы талааларды, көчөлөрдү булгап жаткан чыгындылар элдин пайдасына иштей баштайт.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү быйылкы жылга аткаруучу он бир багыттагы конкреттүү программа кабыл алып анын негизги милдеттеринин бири катары «жакынкы эки жылда 1000 гектар жерди тамчылатып сугаруу технологиясы боюнча сугатка өткөрүү» деп баса белгиледи. Кийинки учурда сугат суунун жетишпей жаткандыгы, айыл чарба азык түлүктөрүнүн сапатына болгон талаптын жогорулашы тамчылатып сугаруунун зарылдыгын көрсөтүп жатат.

Адылбек Алымов,
"Бюджеттик процесстерди стратегиялоо борбору" коомдук бирикменин жетекчиси

Жараксыз деп табылсын

2008 – жылдын 28 – июлунда Рахманбердиев Усубалы Рахманбердиевичтин наамына МКК 50 – 28 тарабынан AN093 8631 номерде берилген ички паспорт жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

2011 – жылдын 5 – апрелине Абдибалиев Уланбек Максатбековичтин наамына МКК 50 – 28 тарабынан AN229 1401 номерде берилген ички паспорт жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

Жаңы жумуш ордуна сынак жарыяланат

Жарыя!

Ак – Коргон айылдык кеңешинин 26 - чакырылышынын 14 – сессиясы 2016 – жылдын 26 – февралында саат 10:00до Ак – Коргон айыл өкмөтүнүн административдик имаратында болуп өтөт. Каралуучу маселелер:

1. 2015 – жылда айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинин аткарылышы.
2. 2016 – жылга жергиликтүү бюджетти бекитүү.

Көк – Таш айылдык кеңешинин 4 - чакырылышынын 34 – сессиясы 2016 – жылдын 22 – февралында саат 10:00до Көк – Таш айыл өкмөтүнүн административдик имаратында болуп өтөт. Каралуучу маселелер:

1. 2015 – жылда айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинин аткарылышы.
2. 2016 – жылга жергиликтүү бюджетти бекитүү.

Ак-Там айылдык аймагынын айыл өкмөтүнө административдик муниципалдык бош кызмат ордуна айыл өкмөтүнүн ФЭБ башчылыгына конкурс жарыялайт.

Төмөнкүдөй типтүү квалификациялык талаптар белгиленет:

1. Кесиптик билимдин деңгээли:
- Жогорку кесиптик билим.

2.Иш стажы жана тажрыйбасы:
- 1 жылдык стажы же адистиги боюнча 3 жылдан кем стажы болуусу.

3. Кесиптик компетенциясы:

Төмөнкүлөрдү билүүсү:
- жалпы мыйзамдарды, ошондой эле тиешелүү тармактагы мыйзамдарды;
- кызматтык милдеттерин аткаруу үчүн зарыл болгон көлөмдө мамлекеттик жана же расмий тилдерди.

Көндүмдөр:
- жогору турган жетекчилердин тапшырмаларын сапаттуу аткаруу;
- кызматтык милдеттерине ылайык өзүматта 2 жылдан кем эмес иш стаж же адистиги боюнча 3 жылдан кем эмес иш стаж;

Айыл өкмөтүнүн ФЭБнүн башкы адиси кызмат ордуна квалификациялык талаптар:

1. Кесиптик билиминин деңгээли:
- Толук жогорку кесиптик билим (менеджмент, экономика, айыл чарба илимдер чөйрөсүндөгү)

2. Стажы жана иш тажрыйбасы:
- мамлекеттик же муниципалдык кызматта 2 жылдан кем эмес иш стаж же адистиги боюнча 3 жылдан кем эмес иш стаж;

Айыл өкмөтүнүн салык жыйноо боюнча адис кызмат ордуна квалификациялык талаптар:

1. Кесиптик билиминин деңгээли:
- толук жогорку, атайын орто же орто билим.

2. Стажы жана иш тажрыйбасы:
- стажына талап коюлбайт.